# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТЫШКЫ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН К.ДЫЙКАНБАЕВ АТЫНДАГЫ ДИПЛОМАТИЯЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
**менен**
# КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИНИН ОРТОСУНДАГЫ ӨЗ АРА КЫЗМАТТАШТЫК КЕЛИШИМИ

## МАКСАТ
### 1-БЕРЕНЕ

Бир тараптан Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин К.Дыйканбаев атындагы Дипломатиялык академиясы, мындан ары «Дипломатиялык академия» деп аталат, ректору Адамкулова Ч.У. атынан, жана экинчи тараптан Кыргыз-Түрк «Манас» университети, биринчи проректору Кулмырзаев А.А. жана ректору Жейлан А. атынан, бул Келишимдин алкагында эки мекеменин ортосундагы өз ара кызматташууну жана тыгыз байланышты өркүндөтүү максатында билим берүү жана изилдөө тармагында төмөндөгү чечимдерди кабыл алышты.

## ТАРАПТАР
### 2-БЕРЕНЕ

Кыргыз-Түрк «Манас» университети жана Дипломатиялык академия бул келишимдин Тараптары болуп саналат.

## МАЗМУНУ
### 3-БЕРЕНЕ

Тараптар Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Борбордук Азияны изилдөө борбору менен Дипломатиялык академиянын Эл аралык байланыштарды анализдөө борборунун ортосунда кызматташтыкты өркүндөтүшөт жана бекемдешет.

### 4-БЕРЕНЕ

Тараптар эки билим берүү мекемесинин ортосунда окутуучуларды, изилдөөчүлөрдү, студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды алмашуу боюнча иш жүргүзүшөт.

### 5-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий байланыштарды чыңдоо максатында орток изилдөө проблемаларын аныктоо менен бул проблемаларга багытталган долбоорлорду даярдап, ишке ашырышат.

### 6-БЕРЕНЕ

Тараптар өткөрө турган илимий жана маданий иш-чаралары (илимий-практикалык конференция, тегерек стол, семинар, студенттик олимпиадалар ж.б.у.с.) тууралуу маалыматтар менен алмашып турушат жана бул өңдүү иш-чараларды биргелешип уюштурушат.

### 7-БЕРЕНЕ

Тараптар илимий монография, аналитикалык билдирүүлөр, мезгилдүү жана башка түрдүү басылмалар, электрондук булактар менен алмашып турушат.

**8-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин алкагында Тараптар ар бир иш-чара үчүн кошумча протоколдорду түзүшөт. Бул келишимдеги иш-чаралар боюнча атайын программалар түзүлүп, аны ишке ашыруу максатында керектүү документтер даярдалат.

**9-БЕРЕНЕ**

Келишимдин алкагындагы иш-чаралардын аткарылышын көзөмөлдөгөн ар бир Тараптан жооптуу жетекчилер бекитилет. Долбоорго катышкан илимпоздордун илимий укугу чектелбестен, орток изилдөөлөрдүн жыйынтыгы эки тараптан тең биргелешип, адилеттүү жүргүзүлүшү камсыз кылынат.

**10-БЕРЕНЕ**

Бул Келишим кыргыз жана түрк тилдеринде 2 (эки) нускада даярдалып, эки мекеменин жетекчилери тарабынан кол коюлган күндөн баштап өз күчүнө кирет. Тараптар бири-бирине 6 (алты) ай мурун жазуу жүзүндө билдирүү менен бул келишимди жокко чыгара алышат. Эгерде Келишимдин шарттары бир нече жолу бузулган болсо, тараптар Келишимди мөөнөтүнөн мурун бир тараптуу жокко чыгарышы мүмкүн.

Келишимдин алкагында башталган иш-чараларга келишим күчүн жоготкон учурда деле бул иш-чаралар аягына чейин чыккыча жооптуулар жоопкерчиликти өз мойнуна алышат.

**ИШКЕ АШЫРУУ**

**11-БЕРЕНЕ**

Бул келишимдин аткарылышына Дипломатиялык академиянын ректору жана Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректораты жооптуу болуп саналат.

Күнү: 11/ 11/ 2022

| **Дипломатиялык академиянын** атынан | **Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин** атынан | |
|---|---|---|
| **Адамкулова Ч.У.** | **Кулмырзаев А.А.** | **Жейлан А.** |
| Ректор | Биринчи проректор | Ректор |

# KAZI DIYKANBAEV ADINI TAŞIYAN KIRGIZ CUMHURİYETİ DIŞİŞLERİ BAKANLIĞI DİPLOMASİ AKADEMİSİ ile KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ ARASINDAKİ AKADEMİK İSBİRLİĞİ ANLAŞMASI

**AMAÇ**
**MADDE 1**

Kazı Dyykanbaev adını taşıyan Kırgız Cumhuriyeti Dışişleri Bakanlığı Diplomasi Akademisi (bundan sonra Diplomasi Akademisi) adına Rektör Prof. Dr. Çinara ADAMKULOVA ve Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi adına Rektör Vekili Prof.Dr. Asılbek KULMIRZAYEV ve Rektör Prof.Dr. Alpaslan CEYLAN, bu Anlaşma kapsamında kurumlar arasında eğitim-öğretim ve bilimsel araştırma alanlarında işbirliği geliştirmek amacıyla aşağıdaki kararları almışlardır.

**TARAFLAR**
**MADDE 2**

Bu anlaşmanın Taraflarını Diplomasi Akademisi ve Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi oluşturmaktadırlar.

**MADDE 3**

Taraflar Diplomasi Akademisi'nin Uluslararası İlişkileri Analiz Merkezi ile Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi'nin Orta Asya Araştırmalar Merkezi arasında işbirliği geliştirirler ve pekiştirirler.

**MADDE 4**

Taraflar kurumlar arasında öğretim görevlisi, öğretim üyesi, araştırmacılar ve lisans/lisansüstü/doktora öğrencisi değişimi yaparlar.

**MADDE 5**

Taraflar bilimsel ilişkileri güçlendirmek amacıyla ortak bilimsel araştırma problemlerini meselelerini tespit eder ve bu problemlere yönelik projeler hazırlar ve uygular.

**MADDE 6**

Taraflar yapacakları bilimsel ve kültürel (bilimsel konferans, yuvarlak masa, seminer, öğrenci olimpiyatları v.d.) etkinliklerden birbirlerini haberdar ederler ve ortak düzenlerler.

**MADDE 7**

Taraflar bilimsel monografi, analitik bildiri, süreli ve süresiz yayınlar ile elektronik kaynaklarından karşılıklı paylaşırlar.

**MADDE 8**

İşbu anlaşma kapsamında Taraflar, her bir etkinlik için ek protokoller hazırlayacaklardır. Bu anlaşmanın faaliyetleri için özel programlar oluşturulacak ve uygulanması için gerekli belgeler hazırlanacaktır.

**MADDE 9**

Bu anlaşma kapsamında faaliyetlerin gerçekleştirilmesini takip etmek üzere her iki Taraftan Sorumlu Temsilci seçilir. Projelere katılacak bilim adamlarının fikri mülkiyet hakları korunarak ortak bilimsel araştırmaların sonuçlarından her iki Taraf adaletli bir şekilde yararlanırlar.

**MADDE 10**

İşbu anlaşma, 2 (iki) nüsha halinde Kırgızca ve Türkçe düzenlenmiş olup, her iki üniversitenin yönetimince imzalandıktan sonra yürürlüğe girecektir. Taraflar biri birine en az 6 (altı) ay önce yazılı olarak bildirerek bu protokolü fesih edebilirler. Anlaşma hükümlerinin tekrar ihlal edilmesi halinde, taraflar anlaşmayı tek taraflı olarak zamanından önce feshedebilirler.

Bu anlaşmanın sona erdirilmesi durumunda, başlamış ve devam etmekte olan programlar ve faaliyetlerin tamamlanmasından Tarafların yetkilileri sorumlu olacaklardır.

**YÜRÜTME**

**MADDE 11**

Bu anlaşmayı Diplomasi Akademisi Rektörü ile Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Rektörlüğü yürütürler.

Tarih: 11 / 11 / 2022

| **Diplomasi Akademisi** adına, | **Kırgızistan–Türkiye Manas Üniversitesi** adına, | |
|---|---|---|
| **Prof. Dr. Çinara ADAMKULOVA** Rektör | **Prof. Dr. Asılbek KULMIRZAYEV** Rektör Vekili | **Prof.Dr. Alpaslan CEYLAN** Rektör |